# ТИЛ – ЭТНИКАЛЫК ЭЛДЕРДИН ОРТОСУНДАГЫ БИРИМДИКТИ ЧЫҢДООНУН НЕГИЗГИ ФАКТОРЛОРУНУН БИРИ.

**АЙТБАЕВА Н.Б.**
izvestiya@ktu.aknet.kg

Жалпы дүйнөлүк тенденция боюнча алып караганда чоң улуттардын арасындагы майда этникалык элдердин саны ассимиляция жолу менен кыскара баштайт. Муну менен сөзсүз түрдө алардын улуттук тилдери да жок болуп кетүү коркунучуна дуушар болот. Мисалы, СССР түзүлгөндөн кийин 1926-жылкы эл каттоодо анын курамында 198 улут бар болсо, 1979-жылдагы эл каттоодо 101 улуттун өкүлдөрү катталган. Калгандары жогорудагы айтылгандай, көп сандагы ири улуттарга сиңишип кеткен. Чындыгында, ал улуттардын улуттук тилдери жок болуп, бирок өздөрү жоголбостон, орусташып кеткен. Антип айтканыбыздын себеби, биз улуттарды эң биринчи кезекте алардын улуттук тилдери боюнча гана тааный алабыз. Аз санда болобу же көп санда болобу ар бир улуттун тили, маданияты жана каада- салттары ал улуттар үчүн уникалдуу да, кайталангыс да болуп саналат. Мына ушул жагынан алып караганда тили жана маданияты жок болуп кетүү коркунучунда турган этникалык элдердин укуктарын сактап калуу – азыркы учурда эл аралык укуктук – актылардын негизги маселелеринин бири болуп калды.

Баарыбызга белгилүү болгондой, ЮНЕСКОнун берген маалыматы боюнча, кыргыз тили – улуттук тил катары жоголуп бараткан тилдердин катарына кирет деп белгиленген. Буга эң башкы себеп – орус тилинин таасири экендиги баарыбызга айдан-ачык белгилүү.

Мына ошондуктан биздин өлкөдө кыргыздардын улуттук тилин сактап калуу үчүн XX кылымдын 90-жылдарынан баштап аракеттер көрүлө баштаган.

Кыргызстанда кыргыздар түпкүлүктүү улут болуп саналат, ошондуктан 1989-жылы өлкөбүздүн мамлекеттик тили да кыргыз тили деп мыйзамдуу түрдө кабыл алынган. Бирок Кыргызстан демократиялуу мамлекет катары өлкөбүздө жашаган башка баардык улуттардын улуттук тилдерине эч кысым көрсөтпөстөн, тескерисинче, алардын өнүгүшүнө дайыма кам көрүп келет. Бул биздин Баш мыйзамыбызда жана башка укуктук-нормативдик актыларда баса көрсөтүлгөн. Ал тургай ал тилдердин бири-бирине өз ара жагымдуу таасирлери үчүн байланышка жетиштүү шарттар түзүлгөн. “Канча тил билсең – ошончо дил билесиң” деп айтылгандай, англис, немис, кытай, түрк, орус, кыргыз тилдери менен катар эле өзбек жана башка тилдерди да окуп, үйрөнүүгө болот. Башка улуттардын тилдерин окуп-үйрөнүү менен ар бир адам ошол улуттардын тилин гана эмес, тарыхын, маданиятын жана каада-салттарын да өздөштүрөт, маалыматы көбөйүп, кругозору өсөт. “Тил − достуктун көпүрөсү”, − деп бекеринен айтылган эмес, натыйжада ар улуттун өкүлдөрү тил аркылуу бири-бири менен жакындашып, достошот жана бир пикирге келишет. Демек, тил – улуттардын ортосундагы өз ара биримдиктин, достуктун бекемделишине негизги фактор катары маанилүү роль ойнойт.

Башка улуттун өкүлдөрү менен жолугушуп пикир алышууда, аларды терең, так түшүнүүдө эң биринчиден, тилдик тоскоолдуктарга дуушар болобуз. Өз ара түшүнбөөчүлүктүн башкы себеби – тил билбөөчүлүк болуп саналат, ошондуктан аны чечүү коомчулуктагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Тил − улуттун эң негизги белгиси болгондуктан, биз адамдардын сырткы көрүнүшү, мүнөзү, кесиби же дагы бир башка белгилери боюнча алардын кайсы улуттагы адам экендигин ажыратып биле албайбыз, аларды бир гана тили аркылуу аныктоого болот.

Ошондуктан тилди улуттун спецификалык өзгөчөлүгү катары карообуз зарыл. Ал эми улуттун өзүнө келе турган болсок, ал белгилүү лексикограф В.И.Дальдын сөздүгү боюнча төмөнкүдөй аныкталат: “Народ в общирном значении, язык, племя, однородцы, говорящие одним общим языком, все сословия”(Даль В.И. Толковый словарь живого великорусского языка. − 1995. − С.493). Мындай болгон учурда бир гана тилчи–лексикографтар эмес, ошондой эле азыркы учурдагы философтор, тарыхчылар, этнографтар, педагогдор жана башка илимдердин өкүлдөрү да

улутту идеялары, аң-сезими, мүнөзү, дини боюнча бириккен элдердин өзүнчө бир биримдиги катары аныкташат.

Ал эми марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектеринде улут башталышы жана акыры бар, түбөлүксүз тарыхый категория катары түшүндүрүлөт. В.И.Лениндин ою боюнча: “Подлинный расцвет нации наступает в освобожденном от капиталистической эксплуатации обществе. Этот расцвет предполагает дружбу наций, развитие интернациональных связей. В еще не близком будущем нации сольются в единое человеческое общество с единым языком, что будет означать конец нации как исторической категории”(Ленин В.И. Пол. собр.соч. − Т.25. − С 258 − 259).

Муну менен биз коммунисттик коомдо улуттук айырмачылыктардын жоюулаарын жана айрым улуттардын тилдеринин жок болоорун В.И.Лениндин айтып тургандыгын түшүнсөк болот. Ал тургай СССРдин убагында “СССР элдеринин тилдери” тууралуу мыйзамдын 4-беренесинде мындай деп жазылган: “С учетом исторически сложившихся условий и в целях обеспечения общесоюзных задач русский язык признается на территории СССР официальным языком СССР и используется как средство межнационального общения”.

Бул жагынан алып караганда, Кыргызстанда калктын тилге карата болгон көз карашын оң жагына оодаруу үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Өлкөбүздө мамлекеттик жана расмий тилдердин ар тараптуу өнүгүшү жана кызмат кылуусу үчүн көп иштер аткарылып жатат, ал боюнча көптөгөн мыйзам актылары, нормативдик документтер, жарлыктар, токтомдор кабыл алынган. Окуу жайларында кыргыз тилин кыргыздарга гана эмес, ошондой эле республикабыздын аймагында жашашкан баардык башка улуттардын өкүлдөрүнө окутуп-үйрөтүү үчүн шарттар бар. Республикадагы көпчүлүк массалык маалымат каражаттары (ММК) түпкүлүктүү элдин тилин, маданиятын жана каада-салттарын үйрөнүү үчүн үгүт иштерин тынымсыз жасап жатышат. Бирок өзүбүзгө белгилүү болгондой, жыйынтыгы жакшы болбой жатат.

Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. Баарыбызга белгилүү болгондой, акыркы мезгилде өлкөбүздөгү улуттардын өз ара мамилелери боюнча бир топ негативдүү тескери көрүнүштөр болуп жатат. Улуттардын ортосундагы араздашууларга эң биринчи кезекте тил маселеси себеп болууда. Буга быйыл Ош шаарындагы июль окуяларын мисал катары келтирсек болот. Эгер кыргыз мамлекетинин элин бир дарак катары элестетсек, анда анын өзөгүн – кыргыздар түзөт, ал эми орус, өзбек, немис, дунган, уйгур жана башка улуттардын өкүлдөрү анын бутактары болот.

Ошондуктан Кыргызстанда жашап жатышкан элдер Кыргызстан адегенде “кыргыз” атын алып жүргөн элдердин үйү экенин жакшы түшүнүшү керек. Бул үйдүн ээси – кыргыз эли дегенди билдирет. Кыргыз мамлекетинин жери – биринчи кезекте кыргыздардын жери. Кыргыздардын жана алардын жеринин тарыхы “Манас” эпосунда эң сонун айтылган. Ата-журт, мекенибизди коргоп, аны сактап калуу үчүн канчалаган кан төгүлгөн салгылашуулар болуп, ал үчүн канчалаган кыргыз азаматтары кан жутуп, каза болушкан. Кийинчерээк бара-бара башка элдердин өкүлдөрү бирден-экиден келип, кошулуп отуруп, анан бүгүнкү кыргыз элинин курамын түзүштү. Алардын баары бүгүнкү күнү кыргыз ичкен сууну ичип, кыргыз жуткан абаны жутуп, эч кимден эч кандай кагуу жебей чогуу жашап келе жатышат. Көбү кыргыздан бай жашаса жашайт, бирок кыргыздан кедей турбайт. Бул, албетте, кыргыздын кең пейилдигин көрсөтүп турат. Ошондуктан өлкөбүздөгү баардык улуттар түпкүлүктүү кыргыз элинин тилин жерибестен, аны достуктун, биримдиктин тили катары кабыл алуусу керек.

### ***Колдонулган адабияттар:***


1. *Баяс Турал.* Тил – улуттун жаны. − Бишкек: “Бийиктик”, 2008.
2. Мамлекеттик тил боюнча расмий материалдардын жыйнагы. − Бишкек, 2008.
3. *Сыдыков Ж.* Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили, тарыхый этнолингвистикалык очерк. Мамлекеттик тил фонду. − Бишкек, 2003.
4. *Чыманов Ж.А.* Тил жана кеп жөнүндө сөз. Бишкек, 2005.